# ИСЛАМ ДИНИН ӨЛКӨНҮН СТАБИЛДҮҮЛҮГҮНӨ ТИЙГИЗҮҮЧҮ ПРИОРИТЕТТҮҮ БАГЫТТАРЫ

**АРСТАНБЕК М.**
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК: 322; 325. 254.4:2+297.1**

Постсоветтик кыргыз бийлиги да секуляритивдик мамлекет катары өлкөдөгү дин маселесин өзгөчө ислам динине, анын таралуусуна тиешелүү бүт тармактарды көзөмөлдөөгө аракеттенет. Тагыраагы *(диндин мамлекеттен бөлүнгөнүнө карабай)* муфтиятынын, диний мекемелердин, окуу жайлардын ишмердүүлүгүн такай көзөмөлдөө менен ошол эле учурда мусулмандардан мамлекетке лоялдуулукту талап кылат. Ошого карабай, мамлекеттин ислам менен атайын иштелип чыккан катнаш стратегиясы жоктугунан кээ бир маселелерде чоркоктук кылат жана эл аралык мамилелерге байканышкан жагдайларда албетте АКШ жана Россиянын, акыркы учурда Кытайдын көрсөтмөсү болуп жатканы байкала баштады.

Исламдын өзөгүндө турган саясий концепция бийликтин дин менен гана башкарылганында. Исламдыне бул табигаты жер жүзүнө 14 кылым бою таасир берип келди. Бирок, 1924-жылкы Осмон империясынын урашы менен халифат чакан мамлекеттерге бөлүндү жана бара-бара мусулман коому жашоосун батыш баалуулуктарына ыкташтыра баштады. Мурдатан эле борбордук халифке баш ийбегени менен, ислам динин мамлекеттүүлүк деңгээлине жеткире алган Мавереннахр мусулмандары болсо атеисттик зомбулукка дуушар болуп, алдыңкы кыргыз уламаларына, илимпоздоруна аябаган кыргын салынды жана көптөгөн мечиттер талкаланып, медреселер жабылды. Натыйжада кыргыз мусулмандары секуляр боло баштады.

Ал эми Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап, демократиялык негиздеги, светтик республика болгону конституцияда бекитилгенине карабай, кыргыз элинде диний баалуулуктардын кайрадан жандана баштаганы талашсыз. Изденүүлөр башталып унутулуп калган адаттар калыбына келтириле баштаган. Бирок мамлекеттин динге жасаган мамилелесин аныктаган мыйзам базасынын али калыптана электигинен пайдаланып, өлкөгө көптөгөн диний секталар кирип, коомдго орношуп, кээ бирлери өздөрүнө бекем мыйзамдык базаны түзгөнү да жетишти. Андан ары диний билим берүүдө баш аламандык башталып, бир эле динде бири-бирине карама каршы көз караштагы жамааттар пайда болду.

Ислам процесстерин исламафобия аркылуу көзөмөлгө алган мамлекеттерде, ММКда атайын исламафобия тенденциясы исламга болгон мамлекеттик саясаттын чийеленишкенин далилдейт. Кыргызстанда да алгач исламофобияга бир аз жол берилди, бирок, элге тарап кеткен даават системасы бул жоосунда бир мокотуп, актуалдуулугун азайтты.

Мусулман аялдарынын жоолук менен паспортко сүрөткө түшүүсү да бир кезде орчундуу маселеге айланган. Ички иштер органдары, чек ара кызматкерлери атуулдардын тиешелүүлүгүн аныктоодо аялдардын баштарын жылаңачтоону талап кылышканы мусулман коомчулугун дүрбөлөңгө салды. Натыйжада Ж.Фронтбек к. жетектеген “Мутаккалим” аялдар прогрессивдүү коому – бир катар акцияларды өткөрүү менен бул стандартты өзгөрттү, бирок дагы деле каршылыктар бар.

Жоолукчан кыздардын мектептеги, андан ары жогорку окуу жайларда билим алуусу жана жумушка орношуусуна байланыштуу маселелердеги мамлекеттин позициясы исламдын саясатташып баратканына өбөлгө түзүп жаткандай. Бийликтин жоолукка көрсөткөн каршылыктарын - мусулман коомчулугунда психо-эмоционалдык абалдан негизсиз кыр чыгаруу деп бааланды. Андан ары реакция чынжырлап кетти.

Ошондой эле мектеп окуучуларынын жума намазга каттоосуна бийликтин тыйуу салуусу репрессивдүү методдорго өттү. Бул “түшүдүрүү иштеринде” мамлекеттик

коопсуздук кызматтары окуучулардын жума намазга баруусуна тыйуу салууну талап кылган учурлары бар. Натыйжада, окуучунун чөйрөсүнө андан башка “радикалдуурак” лидерлерге жол ачылды.

1992-93-жылдары мектептерге ыйман сабагын киргизүүгө бир топ аракеттер жасалды. Бирок ыйман сабагынын программасынын илимий жана окутуу базасы чийки болгондуктан, сабакты көбүнесе башка сабак мугалимдери берип калды. Ал эми кээ бир жерлерде жергиликтүү молдолор чакыртылып жатты. Натыйжада мектептин диндешип баратканына кооптонгон бийлик бул сабактын ордуна адеп сабагын киргизди.

Билим берүүдөгү дагы бир жагдай – борбор шаарлардын орто билим берүү системасы дээрлик орус тилдүү. Орус тили жана адабияты сабактары Россия Федерациясынын окуу программасына ылайык түзүлгөн, Библиялык маалыматтар менен камтылган китептер менен жабдылган. Бул мектептерде билим алган мусулман ата-энелер арасында нараазылыктарга негиз бар.

Өлкөдө расмий каттоодон өткөн 45 медресе, 6 институт жана борбордогу Ислам Университети бар, бирок алардын бүтүрүүчүлөрү али мамлекет тарабынан адис катары таанyла элек. Анткени ал окуу жайлардагы билим берүү стандарттары светтик нормалардан оолак. Натыйжада ансыз да кооптуу абалды жөнгө салганга кудурети жеткен жыл сайын бүүтүп жаткан жүздөгөн диний адистер ишсиз жүрөт.

Мамлекет тааныган эксперт деңгээлиндеги диний адистикке бир азырынча эки гана жогорку окуу жайда билим берилет. Тагыраагы ОшМУнун базасында ачылган теология факультети жана И.Арабаев атындагы КМПУнун теология кафедрасы. Алардын окуу программасы юстиция министрлиги жана билим берүү министрлиги тарабынан расмий түрдө бекитилгени менен, ал программалар ислам дининин чыныгы табигатын ачып берүдөн алыс. Ошондуктан бул окуу жайларды бүтүргөн адистер да диний кырдаалды түшүнүүдөн али алыс.

Мындай баш аламандыкты жөнгө салуу жана өлкөнүн коопсуздугун сактап калуу үчүн мамлекет тийиштүү программадагы диний билим берүүнү өзү иштеп чыгуусу керек. Анын үстүнө бул багытта эл аралык тажрыйба арбын. Мисалы, Англиядагы мектепке чейинки жана башталгыч класстардын окуучулары өкмөттүн жана англикан чиркөөсүнүн жүргүзгөн саясаты менен «англикан чиркөөсүнүн» идеологиясы боюнча тарбияланат. Ал эми жогорку окуу жайларында тигил же бул агымдын идеологиясы үндөлбөстөн нукура христиан дини расмий түрдө окутулат. Башкача айтканда, Англия өкмөтү светтик өлкө болгонуна карабай, атуулдардын дин тутуусуна кайдыгер эмес. Ал эми Германияда мектептерде ар бир он баланын бири мусулман же мусулман болуп кетиши мүмкүн деген божомолу эске алынып, дин сабагынын программасы иштелип чыккан. Кээ бир мектептеринде сабактар Кудайга сыйынуу менен башталат.

Беш убак намазды окууда мамлекеттик кызматтагылардын мечитке каттоо татаал. Көпчүлүк өз иш ордуларында эле намаз окушат. Кээ бир мекемелердин жетекчилери намазга тыйуу салып, кызматкердин конституциялык укугу бузулууда. Кээде намаз учурунда арттан келип келтектөө учурлары да бар.

Ал эми өлкөдөгү көнүмүшкө айланган шайлоолордогу молдолордун, диний мекемелердин мамлекет тарабынан административдик ресурс катары колдонулуусу адатка айланган. Өзгөчө президенттик шайлоолордогу кээ бир таанымал молдолордун жан далбастоосу калың катмарды ар кандай бүдөмүк ойлорду тууддурганга чейин барат.

Нике маселелери мусулман коомчулугунда конфликтүү абалга өбөлгө түзгөндөй. Диний никеден өткөнү менен мамлекетте каттоосу жок жубайлардын мурастык укуктарын катталбагандыктан мамлекет ишке ашыра албайт. Никени мамлекеттик каттодон өткөрүү ыктыярдуу болгондуктан, ажырашууда катталбаган жубайлардын укугу тебеленип, мамлекеттин диний чабалдыгы байкалат.

Ошондой эле кайра куруу доору менен башталган ажылык сапарын уюштуруудагы мамлекет менен муфтияттын, ажылыкка бет алган атуулдар менен ажы башчыларынын

ортосунда келишпестиктер азыркыга чейин көмүскөдө калып келгенине карабай, келечекте чоң конфликтке негиз бар. Ажы башчыларынын ажылыктын негизги талаптарын аткаруудагы билимсиздиги сапарга чыккандарды кадыресе кыжырдантып, бир чети милдети аткарылганы жөнүндө күмөндө да калтырып келет. Бирок, сапардан кайткандар адатта таарынычтарын кечирип, ал маселелерге кайрылгылары келбейт. Анын үстүнө ажы башчыларынын кемчилигин жарыялоо исламдын аброюн түшүрүп койбосун деп кооптонушат. Ошондой эле маселеде мамлекеттик чиновниктердин мамилеси ары кайдыгердик болсо бери дегенде мококтук. Быйылкы ажыларды тосуп алуу маарасиминде “Манас” аэропортуна чогулган элди “аэровокзалга батпайт” деп, 4-5 сааттай убакыт суукта турууга мажбурлаганы мусулмандар тарабынан маскаралоо катары бааланат.

Кыргызстандын саясий кырдаалында ислам факторунун коомдук мобилизациялык потенциялы азырынча чектелген. Ага бир канча фактор бар. Алар: биринчиден -орустар калктын 17%ын түзгөндүктөн, бийлик бир эле ислам днине багыт алса орус тилдүүллөрдү таарынтып, өзгөчө Россияны кыжырдантып алууусу мүмкүн; Экинчиден – кыргыздарда али тууганчылык, уруучулук али күчтүү; Үчүнчүдөн – кыргыздар светтик – секуляритивдик системага көнүп калышкан; Төртүнчүдөн мусулмандар негизинен азыр экиге бөлүнүп, бир тарабы исламды маданий гана деңгээлде калуусун кааласа, экинчи тараптагылар исламды модернизициялоого ыкташат. Т.а алар исламды мамлекеттик башкарууга жеткирүүнү каалгандар. Бешинчиден – мусулмандар али экономикалык, социалдык маселелерди чечүүгө кудуреттери жетпейт жана алтынчыдан – кошуна республикалар деле Кыргызстандагы күч алып баткан ислам таасирин колдобойт.

Мындан ары ислам дининин агартуучулук функциясын чектөө мүмкүн эмес. Себеби республикадагы демократиялык институттардын өнүгүүсү адам укугун, дин эркиндигин коргоодо белгилүү натыйжаларга жетишти. Б.а. дин агартуу процесси демократиялык рычагдарды толук колдонуу менен ислам дини саясатташат. Бул табигый процесс. Маселе бул процесске мамлекет кандай мамиле кылат. Репрессивдүү ыкмалар динди радикалдаштырат. Карабай коюу аны көзөмөлдөн чыгарат жана мамлекеттин динге болгон таасирин алсыз кылат. Динди моралдык жана маданий регулятор катары колдонуу мусулмандарды убактылуу канаатандыруусу мүмкүн, бирок эртедир-кечтир бул маселеге кайра кайтууга туура келип калат. Ошондуктан башынан эле иш бир багытта жүргөнү оң. Мамлекет ислам дининин коомдук мамилелердеги регулятордук функциясын тан алуу керек жана диалогко өзү демилгечи болуусу зарыл. Антпесе мамлекеттик чиновниктердин диний караңгылыгы жана мээлүүн маанайдагы имамдарды да мусулмандарды кыжырдантып, радикалдуулукка же жок эле дегенде протесттүү катмарга айдап салаары өзбек тажрыйбасынан көрүнүп турат. Дин чөйрөсүнүн өнүгүүсүнө түздөн түз салым кошуу менен республикадагы саясий чечимдерди кабыл алууда мусулмандардын абалын эске алуусу саясий стабилдүүлүктү сактоого өбөлгө түзөт. Республикада мээлүүн диний платформадагы саясий партияларды түзүүнү да жакынкы аралыктагы мамлекеттеги долбоорлорго киргизүү зарыл.